## Байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө келишим
## Договор о предоставлении услуг связи

№ ____________________

*Оператор тарабынан толтурулат / Заполняется оператором*

«НУР Телеком» ЖЧК, 720040
Бишкек ш., Абдрахманов к., 170/2, блок 2
Башкы директор: Слепокуров Владислав Анатольевич
Банк: филиал ОАО «Оптима Банк» «КБТБ»
Эсептешүү эсеби: 1092220100170179
БИК: 109022

ООО «НУР Телеком», 720040
г. Бишкек, ул. Абдрахманова, 170/2, блок 2
Генеральный директор: Слепокуров Владислав Анатольевич
Банк: филиал ОАО «Оптима Банк» «ЦОКБ»
Расчетный счет: 1092220100170179
БИК: 109022

| | |
|---|---|
| **Абоненттик номер**<br>Абонентский номер | **Төлөмдүн системасы** / Система оплаты — *Авванстык / Авансовая* |

**180 календардык күн бою SIM-картадан чалуулар аткарылбаганда жана/же өздүк эсептин балансы толукталбаган учурда, ошондой эле келишимде же мыйзамдарда белгиленген башка учурларда келишимдин аракети токтойт.**
В случае отсутствия звонков с SIM-карты и/или пополнения баланса лицевого счета в течение 180 календарных дней, а также иных случаях, установленных договором или законодательством, договор прекращает свое действие.

| | |
|---|---|
| **Тарифтик план**<br>Тарифный план | |
| **Фамилиясы**<br>Фамилия | |
| **Аты**<br>Имя | |
| **Атасынын аты**<br>Отчество | |
| ☐ **Паспорт** ☐ **Башка** / Другое | **Серия №** |
| **Туулган күнү**<br>Дата рождения | **ИНН** |
| **Берилген күнү**<br>Дата выдачи | **Берген мекеме**<br>Кем выдан |
| **Жашаган жеринин дареги (турган жери)**<br>Адрес места жительства (пребывания) | |
| **Жашыруун сөз**<br>Кодовое слово | **Жашыруун сөз – кардарды таануу үчүн зарыл болгон сөз же белгилердин топтому. Кардар анын жардамы менен суроо-билүү тейлөөсүндө керектүү маалыматты алат.**<br>Кодовое слово — слово или набор символов, служащее для идентификации Абонента. С его помощью Абонент получает справочно-информационное обслуживание. |
| (телефон) | (e-mail) |
| **Түзүлгөн күнү**<br>Дата заключения | **Абоненттин колу**<br>Подпись абонента |

*Оператор тарабынан толтурулат / Заполняется оператором*

| | |
|---|---|
| **Келишим түзүлгөн жер**<br>Место заключения договора | |
| **Оператордун колу**<br>Подпись оператора | |

**Байланыш кызматтары өз алдынча жана/же 13.08.2019-ж. түзүлгөн стратегиялык өнөктөштүк жөнүндө Келишимдин негизинде «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») ЖАКнын агенти катары ишмердүүлүгүн жүргүзгөн «НУР Телеком» тарабынан көрсөтүлөт. Абонент тарабынан тандалган абоненттик номерге жараша байланыш кызматын тиешелүү Оператор тейлейт.**

**Келишим мөөнөтсүз. Эгер Сиз Келишимдин мөөнөтүн белгилегиңиз келсе, «НУР Телеком» ЖЧКсынын сатуу жана тейлөө кеңселеринин бирине тиешелүү арыз менен кайрылыңыз.**

**Абонент өз алдынча жана/же стратегиялык өнөктөштүк жөнүндө Келишимдин негизинде «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») ЖАКнын агенти катары ишмердүүлүгүн жүргүзгөн «НУР Телеком» ЖЧКсынын байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө Келишиминин бир нускасын алды. Абонент өз алдынча жана/же стратегиялык өнөктөштүк жөнүндө Келишимдин негизинде «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») ЖАКнын агенти катары ишмердүүлүгүн жүргүзгөн «НУР Телеком» ЖЧКсынын байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө Келишимдин шарттарын окуп чыкты, жогоруда көрсөтүлгөн Келишимде жазылгандар менен макул болду. Тарифтик пландын шарттары менен таанышып чыкты.**

**Кошумча кызматтарды алуу, анын ичинде роуминг алуу тартиби менен расмий сайттан www.o.kg же сурап билүү кызматынын 707 (О! түйүнүнүн абоненттери үчүн); +996 705 700 700 (башка түйүндөрдүн абоненттери үчүн) номерлери боюнча таанышууга болот.**

**Абонентке ыңгайлуу болуш үчүн Байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө келишим www.o.kg да жеткиликтүү.**

**КР МТжБМК караштуу МБА лицензиялары: «НУР Телеком» — ЖЧК№14-1124-КР, №15-1448-КР, №15-1469-КР, №16-0062-КР, №16-0063-КР, №16-0088-КР, №18-0294-КР, №18-0297-КР, №18-0318-КР, №21-0470-КР, «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») ЖАК — №16-0019-КР, №03-292-КР, №14-1103-КР, №14-1168-КР.**

Услуги связи предоставляются ООО «НУР Телеком», действующим самостоятельно и/или являясь агентом ЗАО «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») в рамках Договора о стратегическом партнерстве от 13.08.2019 г. в зависимости от выбора Абонентом абонентского номера, услуги связи предоставляются соответствующим Оператором.

Договор бессрочный. Если Вы хотите установить срок действия Договора, обратитесь с соответствующим заявлением в любой из офисов продаж и обслуживания ООО «НУР Телеком».

Экземпляр Договора о предоставлении услуг связи ООО «НУР Телеком», действующим самостоятельно и/или являясь агентом ЗАО «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») в рамках Договора о стратегическом партнерстве, Абонентом получен. Условия Договора о предоставлении услуг связи ООО «НУР Телеком», действующим самостоятельно и/или являясь агентом ЗАО «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») в рамках Договора о стратегическом партнерстве, Абонентом прочитаны, с изложенным в вышеуказанном Договоре согласен. С условиями тарифного плана ознакомлен.

С порядком получения дополнительных услуг, включая роуминг, можно ознакомиться на официальном сайте www.o.kg, или в информационно-справочной службе 707 (для абонентов сети О!): +996 705 700 700 (для абонентов других сетей).

Для удобства Абонента Договор о предоставлении услуг связи также доступен на www.o.kg

Лицензии ГАС при ГКИТиС КР: ООО «НУР Телеком» — №14-1124-КР, №15-1448-КР, №15-1469-КР, №16-0062-КР, №16-0063-КР, №16-0088-КР, №18-0294-КР, №18-0297-КР, №18-0318-КР, №21-0470-КР; ЗАО «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») — №16-0019-КР, №03-292-КР, №14-1103-КР, №14-1168-КР.

**Байланыш кызматтарын көрсөтүү учурунда, жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга жана берүүгө, анын ичинен аларды маалыматтык-сурап билүү тейлөө тутумунда колдонууга макулдугумду берем. Маалыматтарды берүү тууралуу кабарлама түрүн аныктоо укугун Операторго калтырам.**
На обработку и передачу персональных данных согласен, в том числе, их использование в системе информационно-справочного обслуживания, согласен, если не указано другое. Право определения формы уведомления о передаче оставляю за Оператором.
☐ **Макул эмесмин** / Не согласен

**Эгерде башкача талап кылбаса, башка байланыш оператору тарабынан көрсөтүлгөн байланыш кызматтарына кирүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө жана ошондой кызматтарды сунуштоого керек маалыматтарды берүүгө макулмун.**
На предоставление доступа к услугам связи, оказываемым другим оператором связи и предоставление сведений для оказания таких услуг согласен, если не указано другое.
☐ **Макул эмесмин** / Не согласен

**Бөлүм I. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө келишим (мындан ары «Келишим») Оператор тарабынан кызмат көрсөтүүдө, Оператор менен Абоненттин ортосундагы мамилелерди жөнгө салат. Бул Келишимдин максаттарына ылайык, Байланыш кызматы катары, электр байланышынын билдирүүлөрүн кабыл алуу, иштеп чыгуу, сактоо, өткөрүү, жеткирүү боюнча ишмердүүлүк, ошондой эле тийиштүү кызмат түрүн көрсөтүү эрежелерине жана берилген лицензиялардын шарттарына ылайык Оператор тарабынан Абонентке көрсөтүлүүчү кыймылдуу радиотелефондук байланыш кызматтары, кыймылдуу байланыш түйүнүндө көрсөтүлгөн башка коштоочу жана кошумча кызматтар, телематикалык байланыш кызматтары, маалымат өткөрүү түйүнүндө көрсөтүлгөн кызматтар кабыл алынат.
1.2. Бул Келишим Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамына, лицензияларга ылайык иштелип чыгып, Байланыш кызматтарынан пайдаланган Абонентке байланыш кызматтарын көрсөткөн, өз алдынча жана/же 2019-жылдын 13-августунда түзүлгөн Стратегиялык өнөктөштүк жөнүндөгү келишимдин алкагында «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») ЖАК агенти катары иш-аракет аткарган «НУР Телеком» ЖЧК ортосундагы мамилени жөнгө салат. Абоненттин абоненттик номерди тандап алуусуна жараша байланыш кызматтары тийиштүү Оператор (мындан ары – Оператор) тарабынан көрсөтүлөт.
1.3. Бул Келишим Оператор менен Абоненттин ортосунда кол коюлган келишимдин каттоо формасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
1.4. Бул Келишимге ылайык, Байланыш кызматтары тийиштүү түрдө каттоодон өткөн жана Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамына ылайык, корголгон Оператордун товардык белгилери менен Оператор тарабынан көрсөтүлөт.
1.5. Байланыш кызматтары Оператор тарабынан Кыргыз Республикасынын МТБМА караштуу Мамлекеттик байланыш агенттигинен «НУР Телеком» ЖЧК берилген №16-0062-КР, №16-0063-КР, №16-0088-КР, №14-1124-КР, №15- 1448-КР, №15-1469-КР, № 18-0318-КР, №18-0294-КР, №18-0297-КР, №21-0470-КР, «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») ЖАК берилген №16-0019-КР, №03-292-КР, №14-1103-КР, №14-1168-КР
1.6. Байланыш кызматтары Абонентке Абонент жана Оператор же болбосо анын ыйгарым укуктуу кишиси кол койгон Келишимдин негизинде көрсөтүлөт. Оператордун Келишимге кол тамганы факсимилдик көчүрмө каражаттары аркылуу кол коюусуна жол берилет.

**2-берене. Аныктамалар**

2.1. Бул Келишимдин максаттарына ылайык төмөнкүдөй негизги терминдер колдонулат:
2.1.1. Абонент – Оператордун байланыш кызматтарынан пайдаланган юридикалык же физикалык жак.
2.1.2. Абоненттик номер – Келишим күчкө ээ болгон мезгилде, колдонуу үчүн Оператор тарабынан Абонентке бөлүнүп берилген, байланыш түйүнүнө кошулган абоненттик түзүлүштү аныктаган номер.
2.1.3. Абоненттик төлөм – иш жүзүндө алынган байланыш кызматтарынын көлөмүнөн көз карандысыз туруктуу чоңдук болуп эсептелген, Абоненттин белгилүү (эсептелген) мөөнөт үчүн төлөмүнүн өлчөмү.

Абоненттик төлөмдү алуунун тартиби тарифтик планга же болбосо тийиштүү кызматтарды көрсөтүү шарттарына жараша белгиленет.
2.1.4. Абоненттик түзүлүш (бүткөн жабдуу – уюлдук телефон, модем, роутер, башка түзүлүш) – Абонентке мыйзамдуу түрдө тиешелүү болгон, бүткөн жабдууну Оператордун Түйүнүнө кошуу аркылуу, ага Оператордун кызматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн, ошондой эле Абонент менен байланыш тутумунун бири -бири менен аракеттешүүсүн камсыздаган техникалык каражат.
2.1.5. SIM-картаны активдештирүү – SIM-картаны байланыш кызматтарына мүмкүндүк алуусун камсыздаган абалга келтирүү.
2.1.6. Абоненттин өздүк эсебинин балансы – Абоненттин өздүк эсебиндеги маалыматтардын негизинде, Абонент тарабынан ишке ашырылган төлөм менен Абонент тарабынан колдонулган байланыш кызматтарынын наркынын ортосундагы айырма катары эсептөө жолу менен аныкталган чоңдук.
2.1.7. Биллингдик тутум – Оператордун Абонентке Байланыш кызматтарын көрсөтүү боюнча операцияларды каттоого жана аларды төлөөгө арналган тастыкталган автоматташтырылган тутуму.
2.1.8. Мүмкүндүк алууну бөгөттөө же кызматтарды бөгөттөө – байланыш түйүнүнүн алкагында көрсөтүлгөн кызматтарга мүмкүндүк алуунун толугу менен же жарым-жартылай чектелиши.
2.1.9. Байланыш кызматтары менен технологиялык жактан ажырагыс байланышта болгон жана LTE стандартындагы кең тилкелүү зымсыз кыймылдуу түйүн кызматтары кошулуп, мындай кызматтардын баалуулугун жогорулатууга багытталган кошумча кызматтар жана башка кызматтар (мындан ары – «кошумча кызматтар») Оператор же болбосо тийиштүү кызматтарды көрсөтүү укугуна ээ үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлүп, Абонент тарабынан бул Келишимде, үчүнчү жактар менен түзүлгөн келишимде белгиленген тартипте жана тийиштүү кызматтарды көрсөтүү жана акы төлөө тартибине ылайык төлөнөт. Бул Келишимдин максаттарына ылайык, Кошумча кызматтар Байланыш кызматтары деген мааниде колдонулат. Оператор аталган кызматтардын тизмеси менен баасын Оператордун Прайс-баракчасында же расмий сайтында чагылдырат.
2.1.10. Тарифтештирүүнүн бирдиги – Оператор тарабынан Абоненттин тарифтик планына жана кошулган кызматтарына жараша белгиленген кызмат акысын эсептөө бирдиги (байланыштыруунун узактыгы, өткөрүлгөн/кабыл алынган маалыматтын көлөмү, сурамдардын саны ж.б.).
2.1.11. Оператордун тейлөө аймагы – лицензиялар менен техникалык мүмкүнчүлүктөргө ылайык Оператор тарабынан байланыш кызматтары көрсөтүлгөн аймак.
2.1.12. Төлөө картасы – номинал, сериялык номер, жашыруун код тууралуу маалымат камтыган, Абонентти Оператордун алдында байланыш түйүнүнүн төлөөчүсү катары идентификациялоо аркылуу Абонентке чалууну демилгелөөгө жол берген белгилүү бир суммага алдын ала төлөө каражаты.
2.1.13. Абоненттин өздүк эсеби – Абонентке көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн каттоо жана аларды төлөөгө арналган Оператордун биллингдик тутумунда Абонент катталган жеке номер.
2.1.14. Массалык жөнөтмө – Оператордун 10 жана андан ашык абонентине жана/же башка байланыш Операторлорунун абоненттерине ар кандай маалыматты таратуу.
2.1.15. Минималдуу төлөм – Абоненттин өздүк эсебине акча каражатын киргизүүнүн мүмкүн болгон белгиленген минималдуу өлчөмүн аныктай турган сумма. Минималдуу төлөмдүн суммасы – 5 сом.
2.1.16. Роуминг боюнча кошумчалоо –башка операторлор тарабынан берилген маалыматтын негизинде кызмат үчүн акы Абонент тарабынан Операторго төлөнө турган роуминг кызматынын наркынын Абоненттин өздүк эсебинде чагылдырылышы.
2.1.17. Оператор – мыйзамдуу негизде жана аракеттеги лицензияларга ылайык кыймылдуу электр байланыш түйүнүн иштеткен жана кыймылдуу радиотелефондук байланыш кызматтарын көрсөткөн юридикалык жак. Бул Келишимдин максаттарына ылайык, Оператор катары, Абонент колдонгон номерге жана/же кызматка жараша төмөнкү компаниялардын бири же бир нечеси кабыл алынышы мүмкүн:
а) «НУР Телеком» жоопкерчилиги чектелген коому – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлүп, ишмердүүлүк жүргүзгөн юридикалык жак (Юридикалык жактын мамлекеттик кайра каттоодон өткөндүгү тууралуу 2016-жылдын 13-октябрындагы ГПЮ № 0019900 Күбөлүк);
б) «SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») жабык акционердик коому - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлүп, ишмердүүлүк жүргүзгөн юридикалык жак (Юридикалык жактын мамлекеттик кайра каттоодон өткөндүгү тууралуу 2015-жылдын 18-майындагы _ГПЮ №0015237 Күбөлүк).
2.1.18. Оператордун расмий Прайс-баракчасы же Прайс-баракча – Оператор тарабынан лицензиялар менен Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык белгиленген баалар көрсөтүлгөн Оператордун кызматтарынын тартипке келтирилген тизмеси.
2.1.19. Овердрафт (Эсептешүүлөрдүн насыялык ыкмасы) – Абоненттин өздүк эсебинин балансы терс болгон учурда Абонентке байланыш кызматын берүү. Эсептешүүнүн насыялык ыкмасында Абонент Келишимдин шарттарына ылайык, эсептик мезгилде иш жүзүндө көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөөнү ишке ашырат. Төлөө тизмеге ылайык, Абонент тарабынан керектелген кызматтардын көлөмүнө жана тандалып алынган тарифтик планга жараша аткарылат.
2.1.20. Өчүрүү босогосу – Абоненттин өздүк эсебинин балансынын мүмкүн болгон минималдуу деңгээли. Бул деңгээлге жеткенде Оператор Абонентке кызмат көрсөтүүнү бөгөттөп коюу укугуна ээ болот. Өчүрүү босогосу терс, оң же нөлгө барабар болушу мүмкүн.
2.1.21. Оператордун өкүлү – Оператордун атынан юридикалык мааниге ээ жана башка иш-аракеттерди аткаруу үчүн Оператор тарабынан ыйгарым укук берилген жак.
2.1.22. Эсептик мезгил – Абонент тарабынан төлөнүүчү Оператор тарабынан Абонентке иш жүзүндө көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү аныктала турган мезгил аралыгы.

2.1.23. Роуминг – Абонентке келишим түзүлбөгөн башка байланыш Операторунун кызматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган, Оператордун техникалык мүмкүнчүлүктөрү менен келишимдик мамилелеринин негизинде ишке ашырылган кызмат.
2.1.24. Байланыш түйүнү же Түйүн – Оператор тарабынан Абоненттерге кызмат көрсөтүлүшүн камсыздоочу техникалык курулмалардын, жабдуулардын жана программалык камсыздоонун комплекси.
2.1.25. Байланыштыруу – Абонентке добуштук жана(же) добуштук эмес маалыматты өткөрүү жана (же) кабыл алуу мүмкүндүгүн берген, чалуунун натыйжасында байланыш каражаттарынын ортосунда өз ара аракеттешүүнү орнотуу.
2.1.26. SIM-карта – Оператордун түйүнүнө мүмкүндүк алууну камсыздаган Абоненттин жеке идентификациялык модулу.
2.1.27. Тарифтик план – Оператор тарабынан бир же бир нече байланыш кызматынан пайдалануу сунушталган баа шарттарынын жыйыны.
2.1.28. Электрондук эсеп – Абоненттин акча эквивалентинде көрсөтүлгөн байланыш кызматтарын алуу укугунун көлөмү жөнүндө маалыматты камтыган Оператордун автоматташтырылган эсептешүү тутумундагы электрондук файл.
2.1.29. Prepaid алдын-ала эсептешүү тутуму (Эсептешүүнүн аванстык ыкмасы) – байланыш кызматтары (өзүнчө тарифтик пландар түрүндө) Абонент тарабынан төлөө картасы/накталай төлөм (Абоненттин Электрондук эсебине төлөө картасынын/накталай төлөмдүн номиналына барабар акча суммасындагы байланыш кызматын алуу укугунун көлөмүн киргизүү) аркылуу Оператор тарабынан Байланыш кызматтары берилип баштаганга чейин төлөнгөн жана Абоненттин өздүк эсебинде оң калдыкты пайда кылган тутум. Аванстын минималдуу суммасы Оператор тарабынан тарифтик планга жараша аныкталат.
2.1.30. Абоненттик номердин категориясы – номерлердин премиялдуулук («Premium» «VIP», «Gold», «Silver» жана «Standard» номерлер) деңгээлине жараша классификацияланышы.
2.1.31. USSD-сурам – Абонент менен Оператордун атайын сервисинин ортосунда реалдуу убакыт режиминде маалымат алмашууну камсыздоочу маалымат алмашуу технологиясы.
2.1.32. Добуштук сервистер (IVR) – бул Абонент тарабынан тондук терүүнүн жардамы менен киргизилген маалыматтарды колдонуп, чалууларды маршрутташтыруу жана кызматтарды башкаруу функциясын аткарган алдын-ала жазылган добуштук билдирүүлөрдүн тутуму.
2.1.33. SMS-билдирүү (кыска билдирүүлөр кызматы) – Абоненттик түзүлүштөн кыска текст түрүндөгү билдирүүлөрдү алуу жана жиберүүнү ишке ашыруу мүмкүндүгүн берген технология.
2.1.34. Интернет-тейлөө – Абонентке Интернет түйүнүндө жеткиликтүү болгон өзүн-өзү тейлөө сервистери (Жеке кабинет, WEB-туташуу).
2.1.35. Self-care (өзүн-өзү тейлөө) – Абонентке учурдагы тарифтик планды кошуу үчүн ачык болгон башка тарифтик планга өзгөртүүгө, байланыш кызматтары боюнча толугураак шарттары менен таанышууга, Оператордун жардамы жок өз алдынча байланыш кызматтарын кошууга/өзгөртүүгө/өчүрүүгө мүмкүндүк берген кызматтарды башкаруунун инструменти (USSD-сурамдар, добуштук сервистер (IVR), SMS-билдирүүлөр жана Интернет-тейлөө аркылуу).

**Бөлүм II. Байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө келишимди түзүү жана бузуунун тартиби жана шарттары**

**3-берене. Жалпы жоболор**

3.1. Абонентке Байланыш кызматтары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мыйзамдуу түрдө ээ болгон техникалык талаптарга жооп берген, сертификатташтырылган абоненттик түзүлүшү менен Оператордун байланыш түйүнүнүн SIM-картасы болгон учурда көрсөтүлөт.
3.2. Абонент менен Оператордун ортосундагы Келишим белгисиз мөөнөткө түзүлөт. Абоненттин каалосу боюнча, мөөнөттүү келишим түзүлүшү мүмкүн. Мөөнөттүү келишимге кол коюлган учурда анын мөөнөтү Келишимде белгиленет.
3.3. Абоненттин атына катталган SIM-карталардын тизмеси бул Келишимдин тиркемесинде көрсөтүлүп, ага эки Тарап тең кол коет.
3.4. Келишим Абонент жана Оператор тарабынан Келишимдин каттоо формасына кол коюу жолу менен эки нускада түзүлөт.
3.5. Оператор мөөр менен ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кол тамгасынын факсимилдик көчүрмөсүн колдонууга укуктуу. Келишимдин каттоо формасынын бир нускасы Абонентке берилет.
3.6. Келишимдин каттоо формасына эки Тарап тең кол койгон жана Оператордун ыйгарым укуктуу өкүлү, дилери, агенти тарабынан алынган учурдан тартып ал юридикалык күчкө ээ болот.
3.7. Оператор Келишимдин каттоо формасына кол коюп, SIM-картаны Оператордун түйүнүндө активдештирген жана номердин категориясын тандап алган учурдан тартып байланыш кызматтарын көрсөтө баштайт.
3.8. Абонент көрсөтүлгөн байланыш кызматтарын төлөө шарты менен каалаган учурда Келишимди буза алат.
3.9. Оператордо Абоненттин роуминг кызматтарын колдонуусу жөнүндө маалымат болгондо, Абонент тарабынан Келишимдин бир жактуу бузулушу роуминг боюнча кошумчалоолор менен көрсөтүлгөн кызматтар төлөнгөндөн кийин гана ишке ашырылышы мүмкүн.
3.10. Келишимдин шарттарын аткаруудан бир жактуу баш тартылган учурда, тагыраак айтканда эгерде Абонент тарифтик план менен белгиленген мөөнөттүн ичинде карызын жаппаса жана/же өздүк эсепке акча каражатын киргизбесе, акы төлөнүүчү кызматтарды колдонбосо, Келишим Абонент тарабынан бир жактуу бузулду деп эсептелет. Мындай учурда Абонент Оператордун алдында карызыны жабуу жоопкерчилигинен бошотулбайт. Абоненттик номерди (номерлерди) андан ары колдонуу мүмкүнчүлүгү токтотулат.

3.11. Эгерде Абоненттин бир нече абоненттик номери болсо, анда ар бир абоненттик номер тарифтик план менен Келишимдин шарттарына ылайык Оператордун маалымат базасынан жок кылынат. Абоненттик номерлеринин баары тең Оператордун маалымат базасында жок кылынган учурдан тартып бул Келишимдин аракети токтотулат.
3.12. Келишим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка учурларда да өз аракетин токтотот.
3.13. SIM-картанын абонентинин (иш жүзүндөгү ээсинин) реквизиттери менен оператордун Маалымат базасындагы реквизиттерге туура келбеген учурда, тагыраак айтканда эгерде Абонент туура эмес реквизиттерди берүү менен аталган номерди мыйзамсыз алган болсо (Абонент SIM-картаны башка абоненттен алдамчылык жол менен алып, аны сатуу жана тейлөө кеңсесинде каттоодон өткөргөн болсо, же абонент мыйзамсыз түрдө авторлоштуруудан өтүп, башка бирөөнүн номерин өз атына жаздырып алган болсо), Оператор каалаган убакта бул Келишимди бузуу укугуна ээ боло алат.

**4-берене. Абонент тууралуу маалымат**
4.1. Келишимди түзүп жатканда, бул Келишимди түзүүгө ниеттенген киши чындыкка шайкештиги төмөнкү документтердин негизинде тастыктала турган маалыматтарды берет:
4.1.1. Юридикалык жактын кызыкчылыгында бул Келишимге кол кое турган киши Операторго:
а) келишимге кол коюу укугун көрсөткөн документти (уюштуруучунун чечими, ишеним кат ж.б.);
б) юридикалык жактын мамлекеттик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсүн;
в) ыйгарым укуктуу өкүлдүн өздүгүн тактаган документтин көчүрмөсүн берет.
4.1.2. Жаран Операторго өздүгүн тактаган документти берет.
4.2. Бул Келишимдин 4.1-пунктунун талаптарына ылайык Абонент тарабынан Операторго берилген маалыматтар өзгөргөн учурда, Абонент мындай өзгөрүүлөр күчкө кирген мезгилден тартып 10 (он) жумушчу күндүн ичинде Операторго жазуу жүзүндө маалымат берүүгө тийиш.
4.3. Ишеним кат жокко чыгарылган учурда же болбосо Абоненттин Келишим боюнча иш-аракеттерди аткарууга укук тааныган башка документтер күчүн жоготкон абалда, Абонент бул тууралуу тезинен Операторго жазуу жүзүндө билдирүү жасоого тийиш. Оператор тарабынан ишеним кат жокко чыгарылуусу же болбосо Абоненттин Келишим боюнча иш-аракеттерди аткарууга укук тааныган башка документтердин күчүн жоготуусу тууралуу жазуу жүзүндө маалымат алынганга чейин Оператордун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн тапшырмаларын аткаруу багытындагы иш-аракеттери тийиштүү түрдө ишке ашырылган болуп эсептелет.
4.4. Абонент тарабынан берилген документтер жашыруун маалымат катары эсептелип, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген абалдардан тышкаркы учурларда үчүнчү кишилерге таратылбайт.

**Бөлүм III. Кызматтардын көлөмү, тизмеси жана сапаты**
**5-берене. Абонентке көрсөтүлгөн кызматтардын тизмеси**
5.1. Абонентке Оператор тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын тизмеси тарифтик план боюнча аныкталат.
5.2. Оператор тарабынан Абонентке көрсөтүлгөн кошумча кызматтардын тизмеси Оператордун лицензиялары, үчүнчү жактар менен түзгөн макулдашуулары жана түйүндүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аныкталат.
5.3. Роуминг кызматы Абонентке тарифтик план боюнча белгиленген шарттарда, Абонент Келишимде көрсөтүлгөн абоненттик номерди колдонуп, түйүнү ичинде байланыш кызматынан пайдаланган жана ортосунда келишим түзүлбөгөн башка оператордун роуминг кызматы көрсөтүлгөн учурда аракеттеги тарифтеринин эске алынышы менен берилет. Оператор роумингди кошуу жөнүндөгү билдирүүнү, SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүп, Абонентке роуминг кызматын акысыз негизде кошууга укуктуу. Роуминг кызматын өчүрбөө жана роуминг кызматтарын андан ары колдонуу, Оператордун сайтында көрсөтүлгөн, кызматтардын тартибине жана тарифтерге ылайык кызмат көрсөтүүлөргө Абоненттин макулдугун билдирет.
5.4. Абонентке Оператордун түйүнүнөн эл аралык багытта чалууларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берген эл аралык байланыш кызматы тарифтик планда белгиленген шарттар боюнча берилет.
5.5. Башка кээ бир кызматтар Абонентке анын жабдуусу бул кызматтарды көрсөтүү үчүн керектүү болгон атайын техникалык талаптарга жооп берген учурда көрсөтүлө алат. Абоненттик түзүлүштүн Абонент тарабынан Операторго тапшырыкталган кызматтар үчүн ыңгайлуу болбогондугу үчүн Оператор жооп бербейт.
5.6. Абонент белгилүү бир кызмат түрлөрүн өзгөртүү жана алардан баш тартуу укугуна ээ. Кызматтардын тизмесин өзгөртүүгө же болбосо кээ бир кызматтардан баш тартууга карата буйрутма, Операторго Абоненттин идентификациясын камсыздаган, Оператордун техникалык каражаттарына ылайык жол менен же болбосо Оператор тарабынан белгиленген формадагы бланкка жазуу жүзүндө берилүүгө тийиш.
5.7. Оператор Абоненттин сурамынын негизинде Абонентке Оператор тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын тизмеси тууралуу маалымат берүүгө милдеттүү.
5.8. Абонент Оператор тарабынан байланыш түйүнү аркылуу таратылган жарнамалык мүнөздөгү маалыматтарды алууга макулдугун берет. Абонент бул Келишим аркылуу аталган макулдуктун аракетке кирүү мөөнөтү Келишимге кол коюлган күндөн тартып баштала тургандыгы жана Келишим күчкө ээ болгон мөөнөт боюнча улана тургандыгы менен таанышты. Абонент Оператордун кеңселеринин биринде жазуу жүзүндө арыз тапшыруу жолу менен мындай макулдукту жокко чыгарууга укуктуу.

**6-берене. Абонентти идентификациялоо**
6.1. Абоненттин идентификаторлору болуп, абоненттик номер, SIM-картанын номери жана Оператор

тарабынан белгиленген шарттарга ылайык өз алдынча же болбосо чогуу колдонулган сыр сөз эсептелет.
6.2. Абоненттин идентификаторлору Абонентке көрсөтүлгөн кызматтардын тизмесин өзгөрткөндө, маалыматтык жана сурап билүү кызматтарында, Оператор тарабынан белгиленген байланыш кызматтары үчүн төлөөнү ишке ашырууда колдонулат.
6.3. Абонент кызматтардын топтомуна сырбелгилерди, шартбелгилерди, ошондой эле буйрук Абонент тарабынан берилгендигин тастыктаган башка каражаттарды колдонуп, электрондук каражаттар жана башка ыкмалар аркылуу төлөмдөр менен өзгөртүүлөрдү ишке ашыра алат.
6.4. Операторго электрондук каражаттарды, сырбелгилерди, шартбелгилерди жана буйрук Абонент тарабынан берилгендигин тастыктаган башка каражаттарды колдонуу менен жиберилген Абоненттин сурамдары жана буйруктары, ошондой эле Абоненттин телефонограммалары Абонент тарабынан түздөн-түз берилген сыяктуу эле юридикалык күчкө ээ.

**7-берене. Кызматтардын сапаты**

7.1. Оператор байланыш кызматтарын керектүү оңдоо жана профилактикалык иштерди жүргүзүү, ошондой эле Түйүндүн ишин токтотуу зарылчылыктары келип чыккан учурлардан тышкары, күнү-түнү, ар күн сайын, тыныгуусуз көрсөтөт.
7.2. Оператор алдын-ала Абонентке кабар берүү менен уюлдук байланыш кызматтарын көрсөтүүнү чектөө же токтотуп туруу жолу аркылуу байланыш түйүнүн модернизациялоого, түйүндө техникалык жана/же Оператордун кызматтарынан пайдаланууга таасир эткен өзгөрүүлөрдү ишке ашырууга укуктуу.
7.3. Абонентке көрсөтүлгөн кызматтар радиотолкундардын тарашынын табигый шарттарына байланыштуу начарлашы, үзгүлтүккө учурашы же болбосо имараттардын ичинде же жанында, туннелдерде, жертөлө жана башка жер алдындагы курулмаларда рельеф менен курулуштун жергиликтүү өзгөчөлүктөрүнөн улам, метеорологиялык шарттарга, Абоненттин Оператордун жакынкы базалык станциясынан алыстыгына, каналдарды жүктөөгө жана башка себептерге байланыштуу тоскоолдуктар менен коштолушу мүмкүн.
7.4. Абонентке көрсөтүлгөн кызматтар түйүндүн конструктивдүү өзгөчөлүктөрүнөн улам, Оператордун компетенциясына кирбеген жергиликтүү зымдуу телефон линияларынын операторлорунун жабдууларынын, эл аралык жана шаар аралык байланыш операторлорунун жабдууларынын сапатына көз каранды.
7.5. Байланыш оператору Абонент жакшы иштебеген, талаптарга жооп бербеген абоненттик түзүлүштү же болбосо Абонент тарабынан өндүрүүчү жана байланыш Оператору менен макулдаштырбай туруп өзгөртүлгөн же модификацияланган абоненттик түзүлүштү колдонгондугу үчүн кызмат сапатынын начарлашынан улам жооп бербейт.

**Бөлүм IV. Тараптардын эсептешүүлөрү**

**8-берене. Байланыш кызматтарынын тарифтери**

8.1. Абонентке көрсөтүлгөн кызматтардын бардык түрлөрүнө тарифтер Оператор тарабынан өз алдынча аныкталат жана тарифтик пландарда чагылдырат. Тарифтик пландардын тизмеси жана кошумча кызматтардын топтому Оператордун расмий прайс-баракчасында же болбосо расмий сайтында көрсөтүлөт. Тарифтер Оператордун түйүнүнүн иштөөсүндө мүмкүн болгон токтотуулардын эсепке алынышы менен белгиленет.
8.2. Оператор аракеттеги тарифтик пландарга өзгөртүүлөрдү киргизүүдөн, кээ бир акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүнү токтотуудан жок дегенде 10 (он) календардык күн мурун Оператордун веб-сайты же массалык маалымат каражаттары аркылуу SMS-билдирүүлөрдү жөнөтүү менен Абонентке бул тууралуу кабар берүүгө тийиш.
8.3. Көрсөтүлгөн байланыш кызматтары үчүн акы байланыштыруунун узактыгына, сурамдардын санына, байланыш кызматтарынын санына же жиберилген (алынган) маалыматтын көлөмүнө жараша тарифтештирүү бирдиктеринин саны боюнча аныкталат.
8.4. Түйүн боюнча байланыштырууну тарифтештирүү бирдиги Оператор тарабынан белгиленет.
8.5. Оператордун түйүнү боюнча байланыштырууну тарифтештирүү үчүн Абонент тарабынан тандалып алынган тарифтик планга карабастан кийинки эреже колдонулат: байланыштыруунун узактыгы чакырылган Абонент же болбосо жооп берүү сигналы Абоненттин жообуна барабар болгон жабдуу жооп берген 1-секундадан баштап чакырылган же чалган Абонент, же мындай жабдуу же байланыш жоопту токтоткон мезгилге чейин эсептелет.
8.6. Жооп берүү сигналы чакырылган жактын жообуна барабар болгон жана тарифтик байланыштыруунун эсептелиши үчүн башталыш катары кызмат кылган абоненттик түзүлүштөргө төмөнкүлөр кирет:
а) маалымат өткөрүү аппаратурасы (модем, SMS-билдирүүлөрдүн борбору, WAP-портал, добуштук почтанын терминалы ж.б.);
б) факсимилдик аппарат;
в) автоматтык жооп бергич же номерди аныктоочу телефон аппараты менен жабдылган абоненттик түзүлүш;
г) абонент жок болгон учурда анын ордуна жооп берген жана маалымат алмашууну камсыздоочу башка абоненттик түзүлүштөр.
8.7. «Конференц-байланыш», «чалууну күтүү» кызматтарынан пайдаланганда, байланыштын катышуучулары менен болгон байланыш үчүн чалуучу Абонент акы төлөйт.
8.8. «Чалууну кайра даректөө» кызматын колдонгондо, чалуучу Абонент чалууну кайра даректөө кызматы орнотулган абоненттик номерге чейинки кызматты колдонулган тарифтик планга жараша төлөйт.

**9-берене. Кызматтардын төлөнүшү**

9.1. Оператордун кызматтары Абонент тарабынан накталай төлөм менен, төлөө карталары же Оператордун

эсебине которуу аркылуу төлөнөт.
9.2. Төлөмдөрдү кабыл алуу Оператор же ал тарабынан ыйгарым укук берилген киши тарабынан ишке ашырылат. Акча каражаттары Абоненттин өздүк эсебинен төлөм аткарылган күндүн эртеси күндөн кеч эмес убакытта эсептелет.
9.3. Көрсөтүлгөн кызматтарды эсептөө Оператор тарабынан кабыл алынган тарифтештирүү бирдигин колдонуу аркылуу жүргүзүлөт. Эсептешүүлөрдүн бардыгы Кыргыз Республикасынын сому менен ишке ашат.
9.4. Көрсөтүлгөн кызматтардын баасы боюнча пикир келишпестиктер келип чыкканда, Тараптардын эсептешүүсү үчүн негиз катары, Оператордун биллингдик тутумундагы маалыматтар алынат.
9.5. Биллингдик тутумдагы маалыматтар менен макул болбогон учурда Абонент Операторго бул жөнүндө жазуу түрүндөгү арыз менен кайрылып, иш жүзүндө көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн тактоосун талап кылууга укуктуу. Абоненттин доомаTы Оператор тарабынан Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана мөөнөт ичинде каралып чыгууга тийиш.
9.6. Оператор кызматтарга мүмкүндүк алууну бөгөттөө укугун колдонбогон учурда дагы Абонент көрсөтүлгөн кызматтарды төлөөдөн бошотулбайт.
9.7. Жаңы келишим түзүлгөндө же болбосо Абонент менен Оператордун ортосунда бир нече келишим түзүлгөн болсо, Оператор мындай келишимдерд жана Түйүндүн иштөөсүн токтотпостон ин (өздүк эсептердин) бирөө боюнча Абоненттен келип түшкөн карызды жабуу боюнча төлөмдү Абонентке алдын-ала маалымат бербестен, кайра багыттоого (эсепке алууга) укуктуу.

**10-берене. Байланыш кызматтарын төлөө карталары**
10.1. Төлөө картасын активдештиргенде, Абонент картанын номиналынын жана байланыш кызматтарынын тарифтеринин негизинде аныкталган көлөмдө байланыш кызматынан пайдалануу укугуна ээ болот.
10.2. Төлөө картасы Операторго байланыш кызматтарынын төлөнгөндүгүн жеткирүү үчүн колдонулган белгилүү бир жол менен коддолгон маалыматты камтыйт. Картада төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:
а) Оператордун аталышы;
б) Ишке ашырылгандыгы төлөө картасы менен тастыкталган төлөмдүн өлчөмү;
в) Оператордун сурап-билүү (байланыш) номерлери;
г) Картаны колдонуу эрежелери;
д) Картанын идентификациялык номери.
10.3. Абонент төлөө картасын анда көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин активдештирүүгө милдеттүү. Жарамдуулук мөөнөтү бүткөн соң, аны активдештирүү мүмкүн эмес.
10.4. Абонент төлөө картасынын туура колдонулушу үчүн жоопту. Абонент тарабынан төлөө картасы зыянга учураганда (төлөө картасынын PIN-кодунун сандары өчүп калса ж.б.), төлөө картасы кайрадан калыбына келтирилбейт.

**11-берене. Счет-фактура**
11.1. Оператор байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишимге кол койгон абоненттин – юридикалык жактын талабынын негизинде көрсөтүлгөн кызматтардын суммасына эсептик мезгил үчүн счет-фактура берет.
11.2. Роумингде жүргөн Абонент тарабынан ишке ашырылган чалуулар тууралуу маалымат роуминг-өнөктөш оператор тарабынан түзүлөт. Эл аралык роуминг жөнүндөгү макулдашуунун жоболоруна ылайык, роумер абоненттин чалуулары жөнүндө маалымат роуминг-өнөктөштөр тарабынан роумингде тарифтештирилген акыркы окуядан кийин 30 (отуз) календардык күндүн ичинде түзүлүп, Операторго берилет. Буга байланыштуу Оператор роуминг боюнча кошумчалоону жогоруда белгиленген мөөнөттөн кийин, бирок роумингде тарифтештирилген акыркы окуядан кийин 90 (токсон) календардык күндөн кеч эмес убакта ишке ашыруу укугун сактап калат.

**Бөлүм V. Тараптардын укуктары жана милдеттери**
**12-берене. Абоненттин укуктары**
12.1. Абонент төмөнкү укуктарга ээ:
а) Оператор, анын иштөө режими, көрсөтүлгөн байланыш кызматтары жөнүндө керектүү жана чындыкка дал келген маалыматты алууга.
б) Төлөмдөрдү жана кызматтардын топтомун өзгөртүүнү электрондук каражаттар жана башка жол менен коддорду, шартбелгилерди, ошондой эле буйрук Абонент тарабынан берилгендигин тастыктаган башка ыкмаларды колдонуу аркылуу ишке ашырууга.
в) Операторго Оператор тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар боюнча сунуштар жана дооматтар менен кайрылууга.
г) Тийиштүү кызматты кошуу, ырастоочу кодду, шартбелгини, команданы же болбосо башка каражаттарды колдонуу аркылуу өздүк эсептен акча каражаттарынын (аванстык төлөмдүн) же алардын бир бөлүгүнүн кайтарылышы жөнүндө арыз менен кайрылууга.
12.2. Абонент Оператордун байланыш кызматтарын көрсөтүүсүн белгилүү бир мөөнөткө бөгөттөп коюусу тууралуу арыз менен кайрылууга укуктуу. Байланыш кызматтарын көрсөтүүнү бөгөттөөнүн минималдуу жана максималдуу мөөнөттөрү Оператор тарабынан чектелиши мүмкүн. Абоненттик номерди бөгөттөө боюнча кызмат Оператор тарабынан акы төлөнүүчү негизде көрсөтүлүшү ыктымал.
12.3. Абонент Операторго Оператордун байланыш кызматтарынын кээ бир түрлөрүнүн бөгөттөлүшү жөнүндө арыз менен кайрылууга укуктуу.
12.4. Абонент тийиштүү арызды берип, байланыш оператору менен бардык эсептешүүлөрдү ишке ашырган

соң, Келишимдин шарттарын андан ары аткаруудан баш тартууга укуктуу.
12.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка кызматтардан пайдаланууга укуктуу.
12.6. Эгерде аракеттеги мыйзам жол берсе, Абонент Операторго жазуу жүзүндө же өзүнүн абоненттик түзүлүшүнүн клавиатурасынан Оператор белгилеген коддордун, шартбелгилердин ж.б. комбинациясын терүү, USSD сурам, SMS-билдирүү, Оператордун жана/же интернет-тейлөөнүн добуштук сервистерин колдонуу, ошондой эле тизмеси жана тартиби Оператор тарабынан аныкталып, буйрук Абонент тарабынан берилгендигин тастыктаган (Абоненттин жазуу жүзүндөгү арызына барабар) башка конклюденттик иш-аракеттерди аткаруу кошулуп, Оператор тарабынан белгиленген башкача формада Операторго кабар берүү жолу менен тандап алган тарифтик планын кошуу үчүн ачык болгон башка тарифтик планга алмаштырууга, байланыш кызматтарын кошууга, өзгөртүүгө жана өчүрүүгө, же болбосо алардан пайдалануудан баш тартууга, көрсөтүлгөн байланыш кызматтарынын / Келишимдин башка шарттарынын параметрлерин өзгөртүү багытында иш-аракеттерди аткарууга укуктуу.

**13-берене. Абоненттин милдеттери**
13.1. Абонент төмөнкү милдеттерди аткарууга тийиш:
а) Келишимдин талаптарын аткаруу;
б) Оператордун абоненттик бөлүмдөрүнүн биринде же болбосо Оператордун расмий дилеринде Оператордун SIM-картасын активдештирүүдөн мурда Байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө келишимге кол коюу. Бул талап аткарылбаган учурда, Оператор кийин SIM-картаны деактивдештирүү аркылуу Абонентке байланыш кызматын берүүдөн бир жактуу тартипте баш тартууга укуктуу;
в) Байланыш кызматтары үчүн төлөмдү толугу менен жана Келишим, тарифтик планда каралган мөөнөт ичинде ишке ашыруу;
г) Түйүнгө кошуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тийиштүү сапаттагы сертификатташтырылган абоненттик түзүлүштү иштетүү боюнча нускаманын негизинде колдонуу;
д) Абоненттин тарифтик планында каралган учурда, жеке эсебинде өчүрүү босогосунан жогору болгон сумманын болушун камсыздоо;
е) Оператордун кызматтарын төлөө жана байланыш кызматтары үчүн карыз пайда болгондо, аны убагында төлөп туруу;
ж) Операторго Келишимде көрсөтүлгөн жана Оператор тарабынан милдеттеринин тийиштүү түрдө аткарылышы үчүн керек болгон туура маалыматтарды берип туруу.
13.2. Абонентке төмөнкү окуялардын бири келип чыкканда, оозеки түрдө дароо жана жазуу жүзүндө 3 (үч) календардык күндүн ичинде Операторго кабар берүү:
а) Өздүктү тастыктаган документ жоголгон же уурдалган, эгер Абонент – физикалык жак болсо, шартбелги (сыр сөз) үчүнчү кишилерге белгилүү болгон санкцияланбаган учурлар жөнүндө;
б) SIM-карта же абоненттик түзүлүштүн жоголушу же уурдалышы жөнүндө. Оператор жоготуу тууралуу жазуу жүзүндөгү кайрылууну алганга чейин, Абонент бул Шарттарда белгиленген милдеттер менен жоопкерчиликти аткарууну улантат;
в) Банкроттук жолжобосунун башталышы же болбосо Абонент-юридикалык жактын ыктыярдуу жоюлушу тууралуу кабыл алынган чечим жөнүндө;
г) Операторго берилген Абонент тууралуу маалыматтардын өзгөрүшү жөнүндө;
д) Келишим менен бул Шарттарды аткарууга тоскоолдук жараткан же мүмкүн кылбаган башка жагдайлар жөнүндө.
13.3. Оператордун түйүнүндө добуштук эмес маалымат алууга арналган атайын техникалык каражаттарды колдонбоо.
13.4. Оператор тарабынан берилген материалдарды, маалыматтарды, кызматтарды, Интернет түйүнүнүн өнүмдөрүн колдонууга байланыштуу тобокелдиктерди өз алдынча алуу.
13.5. Абонент Оператор тарабынан көрсөтүлгөн байланыш кызматтарын кандайдыр бир жарнамалык кампанияларды, сынактарды, концерттерди, викториналарды, сурамжылоолорду, массалык жөнөтмөлөрдү (коммерциялык ишмердүүлүккө байланыштуу белгилерди камтыгандар кошулуп) жана башка ушул сыяктуу иш-аракеттерди Оператор менен жазуу жүзүндө макулдашуу жүргүзбөстөн ишке ашыруу максатында, ошондой эле бардык байланыш операторлорунун түйүндөрүнө, Интернет-телефонияга ж.б. шлюздарды орнотуу үчүн колдонбоого милдеттүү.
13.6. Башка кишиге SIM-картаны же SIM-картаны талап кылбаган абоненттик терминалды берген учурда, Абонент 10 (он) календардык күндүн ичинде Келишимди аталган кишинин атына кайра жолжоболоштурууга милдеттүү.
13.7. Абонентке түйүндүн идентификаторун (HOST, IMEI, SMM-борбордун номери, DNS, IP ж.б.) кандайдыр бир жол же ыкма менен жана/же үчүнчү кишилерди тартып, программаларды, тиркемелерди же жабдууну колдонуу аркылуу алмаштырууга багытталган иш-аракеттерди жасоого же жүргүзүүгө тыюу салынат. Кошумча кызматтары менен бирге байланыш кызматтарын, Операторго жана/же үчүнчү тараптарга зыян келтирүүчү мыйзамсыз максаттар менен колдонуу болуп саналат.

**14-берене. Оператордун укуктары**
Оператор төмөнкү укуктарга ээ:
14.1. Овердрафт (насыялык форма) шарттарында тейленген Абоненттин карызы пайда болгон учурда, Оператор алдын-ала эскертүү бербей туруп, Абонентке берилген байланыш кызматтарынын суммасына башка келишимдер менен макулдашуулар боюнча Оператордун Абоненттин алдындагы милдеттеринин эсебинен өз ара эсептешүү жүргүзө алат.
14.2. Абоненттин өздүк эсебиндеги акча каражаттардын калдыгы өчүрүү босогосуна жеткен учурда

көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн чектөөгө жана/же Абоненттин түйүнгө мүмкүндүк алуусун толугу менен токтотууга укуктуу.
14.3. Өз чечими боюнча Абонентке кызмат көрсөтүүдөгү терс баланстын жана өчүрүү босогосунун суммасын белгилөөгө. Өчүрүү босогосу ар кайсы байланыш кызматы үчүн ар түрдүү болушу мүмкүн.
14.4. Абонентке алдын-ала кабарлоо аркылуу байланыш кызматын көрсөтүүнү чектөө же токтотуу менен байланыш түйүнүн модернизациялоого жана анда техникалык жана/же Оператордун кызматтарына таасирин тийгизген өзгөрүүлөрдү ишке ашырууга.
14.5. Түйүн ичинде кандайдыр бир өзгөрүүлөрдү жүргүзгөн учурда Абонентке мурунтан кабар берүү менен абоненттик номерди бир жактуу тартипте өзгөртүүгө.
14.6. Абоненттерге берилген тарифтик пландарда байланыш сапатын жакшыртуу максатында байланыш кызматтарын белгилүү бир мөөнөт үчүн жана/же белгилүү бир мезгил аралыктарында токтотуп турууга жана/же чектөөгө, ошондой эле өз чечими боюнча атайын жеңилдик берилген шарттарда (акциялар, арзандатуулар ж.б.) байланыш кызматтарын токтотууга жана/же Абонент тейленген тарифтик пландын шарттарына ылайык сервистердин стандарттык тарифтештирүүсүн колдонууга жана/же Абонентти Оператордун түйүнүнөн өчүрүп турууга укуктуу. Бул шарттар Оператор тарабынан Абонентке көрсөтүлгөн бардык кызматтар менен тарифтик пландарга тийиштүү. Кызматтардын өзгөртүлүшү же чектелиши тууралуу Оператор Абонентке ММКда жана Оператордун расмий сайтында маалымат берүүгө милдеттүү.
14.7. Эгерде Абонент Оператордун байланыш кызматтарын колдонуу менен башка абоненттерге, Операторго жана/же үчүнчү жактарга зыян келтирип жаткан болсо, картанын кодун табуу аракети менен төлөө карталарын активдештирүү багытында бир нече жолу аракет жасаса жана/же Оператор менен макулдаштырбай туруп Абоненттик номерди Оператордун эсебинен өзүн же үчүнчү жактарды санкцияланбаган байытуу максатында жана /же кандайдыр бир лотерея, добуш берүү, сынак, жарнама, сурамжылоо, билдирүүлөрдү массалык жөнөтүү үчүн, Операторго зыян келтирүүчү же анын жабдуулары менен түзүлүштөрүнүн иштөөсүнө тоскоолдук жаратуучу дайындуу байланыш түйүндөрү менен Интернет-Телефонияга мүмкүндүк алуу үчүн шлюздарды орнотуу, түйүн аралык трафикти же башка иш-чараларды ишке ашыруу максатында колдонсо, ошондой эле бул Келишимдин башка шарттарын бузган болсо, Абонентке байланыш кызматтарын берүүнү бөгөттөөгө жана/же атайын жеңилдик берилген шарттарда (акциялар, арзандатуулар ж.б.) байланыш кызматтарын көрсөтүүнү токтотуга жана/же Абонент тейленген тарифтик пландын шарттарына ылайык сервистердин стандарттык тарифтештирүүсүн колдонууга, же болбосо башка тарифтик планга которууга укуктуу.
14.8. Абоненттин иш-аракеттеринде бул Келишимдин 14.7-пунктунда белгиленген жагдайлардын келип чыгуусу боюнча шектенүү жаралган учурда, Оператор алдын-ала эскертүү бербестен абонентти бөгөттөп салууга укуктуу.
14.9. Абонент абоненттик номеринен Оператордун кызматтарынын адистерине бир нече жолу Оператордун ишмердүүлүгүнө байланышпаган маселелер боюнча кайрылганда жана/же Абонент тарабынан этикалык ченемдер бузулганда, анын кызматкерлерине уят же кордоочу сөздөрдү айтканда Абоненттин кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн бир жактуу тартипте чектөөгө, ошондой эле Оператордун сурап билүү жана маалымат кызматына келип түшкөн чалууларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартипте жазырып алууга укуктуу. Мындай окуялар бир нече жолу кайталанса, Оператор Абонент менен түзүлгөн келишимди бузууга же болбосо кийин SIM-картаны деактивдештирүү аркылуу кызмат көрсөтүүнү токтотуу укугуна ээ. Оператор ошондой эле Абонент бул Келишимдин шарттарын бузган учурда же ыкчам оперативдик кызматтарга жалган чалууларды аткарып жатканда, башка абоненттик/телефондук номерлерге телефон чалууларды/билдирүү таратууларды ишке ашырганда же болбосо укукка каршы иштерди жасоо максатында башка иш-аракеттерди жүргүзгөндө, Абонентке алдын-ала кабар бербей туруп, тийиштүү абоненттик номер боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүн чектөөгө же аларды токтотууга укуктуу экендигин кабыл алат.
14.10. Абонент байланыш кызматтарын көрсөтүү мамлекеттин коопсуздугуна жана коргонуу жөндөмдүүлүгүнө, кишилердин ден соолугуна жана/же коопсуздугуна коркунуч жарата турган болсо, же кызмат көрсөтүү кандайдыр бир техникалык, физикалык, географиялык же башка табигый тоскоолдуктардан улам мүмкүн болбогон учурда, же болбосо Абонент Келишимде макулдаштырылган кызмат көрсөтүү шарттары менен макул болбосо, эгер Абонент мыйзамсыз түрдө байланыш жабдуусун колдонуп же байланыш кызматтарынан пайдаланып жатса, сертификатташтырылбаган абоненттик түзүлүш колдонсо, байланыш кызматын көрсөтүү же байланыш каражатынын туура иштөөсүндө тоскоолдук жаралышына алып келген аны колдонуу шарттарын бир нече ирет бузса, Оператор Абоненттин байланыш кызматтарына мүмкүндүк алуусун бир жактуу тартипте чектөөгө укуктуу экендигине макулдугун билдирет.
14.11. Абонент тарабынан 180 (жүз сексен) календардык күн бою өздүк эсептин балансы толукталбаса жана/же анын SIM-карталарынан чалуулар ишке ашырылбаса, ошондой эле 90 (токсон) календардык күндөн ашык убакыт бою карызы төлөнбөсө, Оператор активдүү эмес SIM-карталарды деактивдеширүүгө жана бул Келишимди бузууга укуктуу.
14.12. Келишим бузулганда жана Абоненттин өздүк эсебинде акча каражаттары болгон учурда, Абонент өздүк эсептеги калган суммадан акча каражаттарын кайтарып алуу укугун колдонбой калса (бул Келишимдин 15-беренесинин 15.8-пункту), Оператор номердин Абонентте сакталып калуусу үчүн күнүнө салыктардын баарын кошкондо 20 сом өлчөмүндө каражат алып турат. Абоненттин өздүк эсебиндеги акча каражатынын суммасы 0 (нөлгө) барабар болуп калганда же болбосо кызматтарды колдонуу жаңыланган (тарифтештирилеген окуя же өздүк эсептин балансын толуктоо) учурдан тартып төлөм алуу токтотулат. Оператор тарабынан Абоненттин өздүк эсебине түшкөн дем берүүчү акча каражаттары (баллдар, сыйлыктар, бонустар ж.б.), ошондой эле Абоненттин укукка каршы аракеттеринин натыйжасында өздүк эсепке түшкөн суммалар эч качан кайтарылып берилбейт.

14.13. Абонент-юридикалык жактын (корпоративдик кардардын) активдештирилбеген SIM-карталары болгон учурда, Оператор мурун Кардар тарабынан алынган SIM-карталардын бардыгы активдештирилгенге чейин Абоненттин жаңы SIM-карталарды алуу жолу менен корпоративдик топту кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн алып салат. Юридикалык жак Оператор менен түзүлгөн Келишим боюнча Абоненттерди каттоого милдеттүү.
14.14. Peer-to-peer (p2p) принциби боюнча (торрент-трекерлерди колдонуу менен, башкача айтканда маалымат өткөрүү үчүн катышуучуларды бири-бири менен түздөн-түз байланыштыруу жолу аркылуу) Абоненттерге Интернет түйүнүндө маалымат өткөрүү кызматтарын көрсөтпөөгө же чектөөгө укуктуу.
14.15. Абоненттин артыкчылыгын, түйүндүн жүктөлүүсүн, түйүндүн жүктөмүнүн жогорулашы менен трафиктин кээ бир түрлөрүнүн артыкчылыгын жана Абонент тарабынан трафиктин кээ бир түрлөрүнүн колдонулушун эсепке алуу менен автоматтык түрдө иштей турган атайын трафикти приоритеттештирүү тутумун колдонууга, Абонент тейленген түйүндүн жүктөмү эң көп болгон сааттарда, базалык станциянын жүктөмү эң көп болгон сааттарда ылдамдыкты азайтууга укуктуу.
14.16. Абоненттин өздүк эсебинин балансындагы сумма 30 000 (отуз миң) сомго жеткенде, Абонентке алдын-ала кабар бербей туруп, Абонент-физикалык жактын өздүк эсебинин балансын толуктоого арналган акча каражаттарын кабыл алууну бир жактуу тартипте токтото алат.
14.17. Бир жактуу тартипте өз алдынча аныктоо, анын ичинде тарифтерди, кошумча кызматтарды кошуп, бардык кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн өзгөртүү. Тарифтер өзгөрүп, күчүнө киргенден кийин, Оператор тарабынан көрсөтүлгөн байланыш Кызматтарын Абонент колдонууну улантса, Абонент тарабынан кабыл алынды деп эсептелет. Эгерде Оператор тарабынан белгиленген мөөнөттө, Абонент тарабынан эч кандай аракет жүргүзүлбөсө, тейлөө Абонентке Оператор тарабынан сунушталган шарттарда улантылат.
14.18. Бул Шарттар менен Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка укуктардан пайдалана алат.

**15-берене. Оператордун милдеттери**

Оператор төмөнкү милдеттерди аткарууга тийиш:
15.1. Абонентке кызмат көрсөтүү үчүн Операторго лицензиялар берилген жана Операторго берилген лицензиялардагы шарттарга ылайык байланыш кызматтарын көрсөтүү, ошондой эле үчүнчү жактар менен түзүлгөн макулдашуулардын шарттары боюнча үчүнчү жактардын кызматтарын көрсөтүү.
15.2. Абонентке кызмат көрсөтүүлөрдүн шарттары, Оператордун аракеттеги тарифтери боюнча керектүү жана туура маалыматты берүү, Оператордун бардык кызматтарынын сыпаттамасын, ошондой эле Абонент же башка киши пайдаланууга укугу бар Оператордун кызматтарына байланыштуу башка маалыматтарды берүү.
15.3. Абонентке жарнамалык мүнөздөгү маалыматтар кошулуп, төмөнкүдөй сурап-билүү кызматтарын акысыз жана күнү-түнү берип туруу:
а) Байланыш кызматтарынын тизмеси жана баасы, Түйүндү тейлөө аймагы тууралуу;
б) Абоненттин өздүк эсебинин абалы жана байланыш кызматтарын төлөө боюнча карызы тууралуу;
в) Абоненттен Байланыш кызматтарынан пайдалануусуна тоскоолдук жараткан техникалык бузулуулар жөнүндө билдирүүнү кабыл алуу;
г) Телематикалык байланыш кызматтарын колдонуу үчүн абоненттик жабдуунун ырастоолору боюнча маалымат;
д) Акы төлөнүүчү жана акысыз көрсөтүлө турган маалыматтык-сурап билүү кызматтары жөнүндө;
е) Оператордун реквизиттери, жайгашкан жери жана оператордун кеңсеси менен филиалдарынын иштөө режими, ыйгарым укуктуу кишилердин кассаларынын жайгашкан жерлери тууралуу;
ж) Абоненттик түзүлүштү Оператордун байланыш түйүндөрүндө колдонуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө.
15.4. Телефон аркылуу сүйлөшүүлөр менен билдирүүлөрдүн купуялуулугун сактоо. Телефон аркылуу сүйлөшүүлөр менен билдирүүлөрдүн купуялуулугуна укуктун чектелишине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда гана жол берилет.
15.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамында башка жобо белгиленбесе, телефон аркылуу сүйлөшүүлөр менен билдирүүлөр жөнүндө маалыматты Абоненттерге же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө гана берүү.
15.6. Тарифтештирилген иш-аракеттер кошулуп, Абоненттин күтүлгөн натыйжага жетишүү максатында кандайдыр бир иш-аракет аткарып аткарбагандыгына карабастан, Абонентке Оператордун расмий Прайс-баракчалары менен тарифтик пландарында көрсөтүлгөн кызматтарды гана көрсөтүү.
15.7. Ыйгарым укуктуу байланыш органы тарабынан түзүлүштөрүн активдештирүүгө жана колдонууга тыюу салынган Абоненттерге байланыш кызматтарын көрсөтпөө.
15.8. Келишимди бузганда же SIM-картаны (карталарды) деактивдештирген учурда Абоненттин өздүк эсебинде акча каражаттары бар болсо, бул каражаттарды Абонентке ал кайрылган күндөн тартып 15 (он беш) календардык күндүн ичинде кайтарып берүү.
15.9. Келишимдин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын башка талаптарын аткаруу.

**Бөлүм VI. Башка шарттар**

**16-берене. Келишимдин иштөө жана токтоо тартиби**

16.1. Келишим аракетте болгон мезгил ичинде Абонент тийиштүү арызды берип, байланыш оператору менен бардык эсептешүүлөрдү ишке ашыргандан кийин Келишимдин шарттарын андан ары аткаруудан баш тартууга укуктуу.
16.2. Абонент Келишимдин шарттарын аткаруудан баш тарткан же болбосо башка бир себептерден улам Келишим бузулган учурдан тартып, Абонент пайдаланган, бирок Келишимди бузуу учурунда төлөнбөгөн

кызматтарынан тышкары, Тараптардын милдеттеринин баары аткарылды деп эсептелет. Абонент тарабынан пайдаланылган кызматтар үчүн акы төлөө боюнча милдет аткарылган соң Абоненттин өздүк эсебинде калган акча каражаты ага кайтарылып берилет.
16.3. Абоненттин Келишимди аткаруудан бир жактуу баш тартуусу үчүн төмөнкү шарттар негиз боло алат:
а) Өздүк эсепте акча каражаты жок калган учурдан тартып 180 календардык күн бою Абоненттин өздүк эсебинин балансынын толукталбоосу;
б) 180 календардык күн бою Абоненттин SIM-картасынан чалуулардын ишке ашырылбашы;
в) 90 календардык күндөн ашык мөөнөт бою Абоненттин төлөнбөгөн карызынын болуусу;
г) Эгерде байланыш кызматтары көрсөтүлүп жаткан тарифтик план жоюлган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде Абонент башка тарифтик план боюнча кызмат алууга өтпөсө;
д) Абонент тарабынан акы төлөнүүчү кызматтардын Келишимде жана/же Абоненттин тарифтик планында көрсөтүлгөн мезгил бою колдонулбашы.
16.4. Байланыш кызматтарын көрсөтүү токтотулган учурда (Абоненттин өтүнүчү менен кызмат көрсөтүүнүн токтотулушу кошулуп) Абоненттин жок дегенде ар бир 180 күндө төлөмдөрдү аткарып туруу шарты менен тейлөөнү жаңылоо мүмкүнчүлүгү сакталып калат.
16.5. Байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка учурларда да аракетин токтотот.

**17-берене. Абоненттин жоопкерчилиги**
17.1. Абонент Келишим боюнча милдеттерин таптакыр аткарбагандыгы же болбосо тийиштүү түрдө аткарбагандыгы үчүн төмөнкү учурларда жоопкерчилик алат:
а) Байланыш кызматтары үчүн төлөмдүн толук эмес аткарылышы же өз учурунда ишке ашырылбашы.
б) Жабдууну колдонуу эрежелерин сактабоосу жана Оператордун Түйүнүндө добуштук эмес маалымат алууга арналган атайын техникалык каражаттарды колдонуусу, ошондой эле идентификация боюнча маалыматтары өзгөргөн же белгиленген талаптарга жооп бербеген SIM-карталарды, жабдууларды жана техникалык каражаттарды колдонуусу, ошондой эле жабдууну иштетүү эрежелерин сактабоосу.
в) Байланыш түйүнүнө белгиленген талаптарга жооп бербеген абоненттик түзүлүштү кошууга салынган тыюуга баш ийбөөсү, байланыш кызматтарын кандайдыр бир лотерея, добуш берүү, сынак, жарнама, сурамжылоо, билдирүүлөрдү массалык жөнөтүү үчүн, дайындуу байланыш түйүнүнө жана Интернет-телефонияга мүмкүндүк алуу үчүн шлюздарды орнотуу үчүн, ошондой эле Келишимде белгиленбеген башка иш-аракеттерди Оператордун макулдугу жок жүзөгө ашыруу максатында колдонуусу.
г) Абонент тарабынан бул Келишимдин 13.2-пунктунда белгиленген шарт сакталбаган учурда, Операторго жоготуу жөнүндө маалымат келип түшкөнгө чейин Абонент жоголгон SIM-картаны колдонуу менен Оператордун байланыш кызматтарын төлөө милдетин аткарууга тийиш.
д) Оператордун түйүнүндө добуштук эмес маалымат алууга арналган атайын техникалык каражаттар колдонулган учурда, Оператор Абоненттин мындай иш-аракеттеринен улам келип чыккан зыяндардын ордун толтуруу талабы менен сотко кайрылуу укугуна ээ.
17.2. Байланыш кызматтары үчүн акы кечиктирилип жана толук эмес төлөнгөндө (насыялык төлөө формасында) Оператор Абоненттен бир кечиктирилген күн үчүн карызды толугу менен төлөгөн күнгө чейин төлөнбөгөн, толук эмес төлөнгөн же болбосо кечиктирилип төлөнгөн сумманын 1 (бир) пайызы өлчөмүндө үстөк айып төлөйт. Бирок үстөк айыптын суммасы төлөнүүсү керек болгон суммадан ашык болбоого тийиш.
17.3. Келишим жана Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарында белгиленген башка учурларда жана тартипте.

**18-берене. Оператордун жоопкерчилиги**
18.1. Оператор Абоненттин алдында Келишим боюнча милдеттерин таптакыр аткарбагандыгы же болбосо тийиштүү түрдө аткарбагандыгы үчүн төмөнкү учурларда жоопкерчилик алат:
а) Байланыш түйүнүнө мүмкүндүк алууну камсыздоо мөөнөтүн бузуусу;
б) Байланыш кызматтарын көрсөтүү боюнча маалыматты бербөөсү, толук эмес жана кечиктирип берүүсү;
в) Бул Келишимди аткаруу максатында Операторго белгилүү болгон Абонент жөнүндө маалыматты жайылтууну чектөө боюнча талаптарды бузуусу;
г) Телефондук сүйлөшүүлөрдүн купуялуулугун бузуусу.
18.2. Оператор өз милдеттерин Келишимге ылайык аткарбагандыгы үчүн төмөнкүдөй жоопкерчиликти мойнуна алат:
а) Абоненттин талабы боюнча көрсөтүлгөн байланыш кызматындагы кемчиликтерди оңдойт;
б) Оператор тарабынан телефон аркылуу сүйлөшүүлөр менен билдирүүлөрдүн купуялуулугу, Келишимди аткаруу максатында Операторго маалым болгон Абонент жөнүндө маалыматты жайылтууну чектөө боюнча талаптардын бузулушунда Абоненттин талабы боюнча келтирилген зыяндарды төлөп берет.
18.3. Келишим боюнча милдеттерин таптакыр аткарбагандыгы же болбосо тийиштүү түрдө аткарбагандыгы үчүн төмөнкү учурларда жоопкерчиликтен бошотулат:
а) Жеңилгис күч кырдаалдарынын натыйжасында (иш таштоо, митинг, өзгөчө кырдаалдар, мамлекеттик органдардын чечимдери, табигый кырсыктар, тагыраак айтканда жер титирөө, циклон, бороон, суу каптоо ж.б.);
б) Оператордун Келишим боюнча милдеттерин таптакыр аткарбашы же болбосо тийиштүү түрдө аткарбашы Абоненттин же үчүнчү жактардын күнөөсүнүн натыйжасында келип чыкканда (Абоненттин телефонунун иштөөсүндө кемчиликтер аныкталган учурларды кошкондо);
в) Эгерде байланыштын жоктугу же сапатынын начардыгы роуминг-өнөктөштөр кошулуп, башка операторлордун түйүндөрүндөгү иш-аракеттерден улам же болбосо Оператордун кызматтарын үчүнчү

жактар тарабынан берилген кызматтар менен бириктирүүдөн келип чыкса, жана/же түйүндөгү начарлоо же иштөөнүн токтоосу зыянга учураган же жакшы иштебеген абоненттик түзүлүштү, талаптарга жооп бербеген жана сертификаты жок абоненттик жабдууну, же болбосо өзгөртүлгөн же модификацияланган жабдууну колдонууга байланыштуу келип чыкса;
г) Үчүнчү жактар тарабынан башкарылган дүйнөлүк Интернет тармагынын өзүнчө түйүндөрү же булактары жеткиликтүү болбогондо. Мындай абалдар байланыштын үзүлүүсү же бузулуу катары эсептелбейт;
д) Сыноо процесси, монтаж, керектүү ремонт жана профилактикалык иштерди жүргүзүү, жабдуунун заводдук кемтиктерин аныктоо кошулуп, кандайдыр бир топографиялык, физикалык же башка табигый тоскоолдуктардан улам кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу кошулуп, бул Келишимдин 7.3, 7.4-пункттарында белгиленген учурларда.
18.4. Абонент тарабынан бул Келишимдин шарттары сакталбаган учурда, Абонент тарабынан Оператордун билдирүүлөрү, кабарлары менен башка корреспонденциясы алынбагандыгы үчүн Оператор жоопту деп эсептелбейт.

**19-берене. Дооматар менен доолорду берүү тартиби**
19.1. Абоненттин доомattарын карап чыгуу бул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ишке ашырылат.
19.2. Оператор байланыш кызматтарын көрсөтүү боюнча милдеттерин аткарбаган учурда же тийиштүү түрдө аткарбаганда Абонент сотко кайрылаардан мурун Операторго доомат коюуга тийиш (келишпестиктерди сотко чейин чечүү).
19.3. Доомат жазуу жүзүндө берилип, Оператор тарабынан белгиленген тартипте каттоого алынууга тийиш.
19.4. Байланыш кызматтарын көрсөтүүдөн баш тартууга, Келишимден келип чыккан милдеттердин өз учурунда аткарылбашына же тийиштүү түрдө аткарылбашына байланыштуу доомattар кызмат көрсөтүлгөн, аларды көрсөтүүдөн баш тарткан же болбосо эсепти берген күндөн тартып 3 айдын ичинде берилет.
19.5. Дооматка келишимдин көчүрмөсү, ошондой эле Келишимден келип чыккан милдеттердин өз учурунда аткарылбашына же тийиштүү түрдө аткарылбашына байланыштуу маалыматтар көрсөтүлгөн башка документтер тиркелиши керек.
19.6. Доомат катталган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндөн ашык эмес мөөнөт ичинде Оператор тарабынан каралып чыгууга тийиш.
19.7. Доомatты карап чыгуунун жыйынтыктары жөнүндө Оператор аны койгон Абонентке жазуу жүзүндө маалымат берүүгө тийиш.
19.8. Эгерде доомат Оператор тарабынан негиздүү деп табылса, аныкталган кемчиликтер ылайыктуу мөөнөттүн ичинде оңдолушу керек.
19.9. Доомат толугу менен же жарым-жартылай четке кагылган учурда, же болбосо белгиленген мөөнөттүн ичинде каралып чыкпаса, Абонент сотко доо менен кайрылууга укуктуу. Оператор менен Абоненттин ортосундагы аймактык сот иштери КР ЖПК 34-беренесине ылайык Оператордун жайгашкан жерине карай аныкталат.
19.10. Абонент даттанууну Оператордун Нааразычылыктар жана сунуштар китебине жазуу укугуна ээ. Даттанууну карап чыгуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ишке ашырылат.

**20-берене. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби**
20.1. Бул берене Оператордун бул Келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү укугуна ээ экендигин аныктайт. Келишимдин шарттарынын өзгөртүлүшү жөнүндө билдирүү катары, бул өзгөртүүлөрдүн Түйүндүн тейлөө аймагында басылып чыккан каражаттарда жарыяланышы эсептелет. Оператор ошондой эле өзгөртүүлөрдү киргизгендигин Оператордун расмий сайтына маалымат жарыялоо, өзгөртүүлөр жөнүндө кеңселери менен дилердик жайларында маалымат жайгаштыруу, SMS-билдирүүлөрдү таратуу жана башка ыкмалар менен жалпыга кабарлайт.
20.2. Эгерде Абонент Операторго киргизилген өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор жөнүндө маалымат жарыяланган күндөн тартып 10 (он) жумушчу күндүн ичинде Шарттардын өзгөрүүсүн кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүү жибербесе, мындай өзгөрүүлөр Абонент тарабынан кабыл алынды деп эсептелет. Шарттардын өзгөртүлүшү өзгөрүүлөр күчкө киргенден кийин Абонент Оператор тарабынан көрсөтүлгөн байланыш кызматтарынан пайдаланууну уланткан учурда, Абонент тарабынан кабыл алынды деп эсептелет.